УДК 378.1 (575.2)

Баитова Ф.
Ош мамлекеттик педагогикалык институту

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРГЕ «МАНАС» ЭПОСУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ДӨӨЛӨТТӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

*Сунушталган макала болочок мугалимдерди «Манас» эпосундагы педагогиканын айрым бир салаасы болгон патриоттуулукка тарбиялоонун идеялары жана тажрыйбалары менен тааныштыруу максатын көздөйт.*

Учурда мектепте окуучуларды тарбиялоо практикасын элдик педагогиканын, анын ичинде «Манастын» руханий дөөлөттөрүнүн негизинде уюштуруу ишине мугалимдердин кесиптик педагогикалык компетенциялары айтарлык абалдан алда канча төмөн, жетишсиз. Бул жөнүндө Т.Ормонов, Б.Апышев, Ж.Бешимов, К.Кыдыршаев, А.Аттокуров, А.Алимбеков, Н.Дүйшеева, Б.Муратбаев сыктуу этнопедагог изидөөчүлөрүдүн эмгектеринде бир нече ирет белгиленген. Анын себебин үйрөнүү үчүн ЖОЖдордо окутулуучу «Педагогиканын тарыхы» курсунун программасына жана окуу китептерине назар салуу эле жетиштүү. Кечээ жакынкы күндөргө чейин эле андагы маалыматтардын 99% Европадагы, Америкадагы, Россиядагы педагогикалык ойлор менен мектептердин тарыхына таандык болгон. Анын окуу программаларынан кыргыздардын тарыхый-педагогикалык салттарына, акыл-ойлоруна байланыштуу кандайдыр бир маалымат эмес, бир сөз да табууга мүмкүн эмес эле. Натыйжада, болочок мугалимдер байыркы Шумер, Византия, Афина менен Спартанын, Киев Русунун тарбиялоо системалары жана маданий-педагогикалык эстеликтерин жакшы билген менен, түпкүрдөн түптөлүп, калыптанып келген, бүгүнкү таалим-тарбия ишине жандуу дем берүүчү өз элинин «Манас» сыяктуу дастандарындагы опсуз акыл-ойлорунан караманча кабарсыз болуп келишкен. Абал азыр деле анчейин оңолуп кеткен жок. Жогорку окуу жайларда педагогикалык маданияттын тарыхын окуткандар арасында деле болсо «евроцентристтик» өнөкөт көз караштардан арыла албаган, өз элинин педагогикалык мурастарына педагогикага кыйыр тиешеси бар, кошумча иллюстративдик материал катары салкын мамиле жасаган окутуучулар арбын. Бул жагдай кайсыл бир өлчөмдө түрк тилдүү элдердин педагогикалык акыл-ой тажырыйбаларын изилдөө иши белгилүү өлчөмдө калыптануу стадиясын баштан кечирип жаткандыгы, али окуу куралдары мындай турсун, жалпылоочу эмгектердин жокко эсе экендиги менен да түшүндүрүлөт. Ушундан улам сунушталган макала болочок мугалимдерди «Манас» эпосундагы педагогикалык билимдердин айрым аспектилери менен тааныштыруу максатын көзөмөл тутат.

Эпосту изилдөөчүлөрдүн баары бир ооздон тастыкташкандай анын мазмунундагы педагогикалык дөөлөттөрдүн өзөгүн “эркиндик идеясы, көз карандысыздык идеясы” (Ч. Айтматов), б.а., патриоттук сабактар түзөт. Көрүнүктүү философ Т.Аскаровдун пикиринде: “Эгер эпостун идеялык көркөмдүк түзүлүшү буга окшогон реалдуу көрүнүштөрдү чагылдырууга негизделбесе, ал мезгил соккусуна туруштук бере албай, бат эле ыдырап сөгүлүп калмак, ички бүтүмдүүлүгүнөн, тутумдуулугунан айрылмак” Эпостун мазмунунда катылган патриоттуулукка тарбиялоо идеяларын жана тажрыйбаларын болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоонун логикасына ылайык колдонуу, аларды педагогика илиминин спецификалык көз караштарынын чегинде жикке ажыратып анализдеп чыгуу зарылдыгын жаратат.

Биздин пикирибизче, эпостун мазмунундагы патриоттулукка тарбиялоо темасынын төмөнкүдөй мазмундук-логикалык аспектилерин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- Эпостогу башка журтка акырындап сиңип жок болуп кетпеш үчүн биримдикти бекемдөө, кубуттуу мамлекет куруу, калк арасында коом таламдуу гуманисттик салттарды сактоо, өнүктүрүү идеялары.
- Каармандардын патриоттук өрнөктөрү, инсандык касиеттерди эл журттун, Ата-мекендин алдында “парз” атуулдук милдет түшүнүгүнүн чегинде андоо, баалоонун чен өлчөмдөрү.
- Баатырлардын балалык чагына байланышкан баяндар аркылуу мекенчил инсанды тарбиялоо жаатындагы байыртадан түптөлүп калыптанып келген тажрыйбаларды педагогикалык билим, көчмөн кыргыз коомунун тарбия салттарынын өзөгү катары иретке келтирип, бекемдеп, кийинкилерге өткөрүп берүү мотиви.

Эпосто кыргыздардын Ала-Тоо аймагын биротоло мекендеп, орун-очок алып калгандыгы таасын, көтөрүңкү маанайда, эмоциялуу чагылдырылган. Эпосто кандайдыр кыйын абалда болсун, элдин үмүт-тилеги, ой-пикири эргүү менен даңазаланган, өзгөчө ажайып кооз жер кыргыздардын өлкөсү - Талас, сөзсүз түрдө, киндик каны тамган жер деп айтылат. Ошондуктан Алтайда туулган Манас элин баштап Таласка келет, атасы Манас, жери Талас экенин билери менен Семетей Букардан кайтат, ошондой эле Кыястын колунда өткөн Сейтек Талас жөнүндө укканда «Кетем Талас жериме, Баргым келет бадырек Калың кыргыз элиме» (СК, КФ, 956-инв.) деген бүтүмгө келет.

"Манас" эпосунда "Ата журт" түшүнүгү, баарыдан мурда, ага ажайып көрк тартуулаган өсүмдүктөр, жан-жаныбарлар менен өтмө катар байланышта каралат. Элдик идеалдагы каармандар жердеген, жашаган жерлердин жаратылышын поэтикалык түркүн боёоктор менен көркөмдөп берүү чыгармада Ата журттун образын жаратуу, ага болгон сүйүү өңдүү башкы идея менен табийгый түрдө айкалышат. Орус окумуштуусу П.Н.Берков өз убагында Талас жеринин сулуулугун эпос кандай көркөмдөп сүрөттөгөнү жөнүндө минтип жазат: «Манаста» бир тууган өлкөнү сүрөттөп берүү, кыргыздын мекенин даңазалоо дүйнөдөгү эң улуу адабияттардын үлгүсү менен катар турууга татыктуу» [3, 44].

Эпос боюнча, айрыкча, туулган жердин топурагы - май, ташы - алтын, тоосу -төрү, ою-түзү кымбат, өзгөчө баалуу. Ата-баба мекендеген жердин кооздугу, кымбаттыгы көзгө өзгөчө жылуу, өзгөчө сулуу көрүнүшү Семетей Таласка жаңы келгендеги анын көргөнү, ошондогу таасирленүүсү аркылуу эң элестүү сүрөттөлгөн. Жылгындуу Кең-Кол чоң Таласты атын угуп көрсөм деп дегдеп келген жетим балага жеринин көркү мындай тартылат: "бөөт-бөөт белди, бөтөн сонун жерди, бөлүнгөн чалкар көлдү, бөлөкчө жерди, жайкалып жаткан өзөндү " көрөт. "Адырдын чөбү суюлат, аркары кумдан суюлат, будурдун чөбү суюлат, бугусу кумдай куюлат, тектирге теке камалып, кыясында аркардын жүнү сабалып, керүүдө кийик токтошуп, текеси жүздөн топтошуп, адырда аркары койдой жайылып, эңкүүлөп элик чуркаса, эки колу сайылып, чөбү кумар беттенип, бетеге белден бураган, түрдүү гүлдөр жыттанып, жалбырагы жаргактай, кара курту бармактай, бөөт-бөөт сазы бар, бөлүнүп учкан казы бар, кыл куйругу кылкылдап, кара суунун баарында кызыл баш өрдөк былкылдап, кайыңга тууган куштары камданып турат учканы, теректери чынардай, чынары бийик тумардай, тоосунда улар ышкырып, токойдо бугу бышкырып, алмасы бышып көң болгон, өрүгү чирип дөң болгон, жаңгагы кулап сан болгон. Талас ажайып сонун жер экен! Карап турган Семетей ата бабам өскөн жер, жер соорусу турбайбы, мунун жердеген адам тунбайбы", - деп кубанат, сыймыктанат. Эпосто Ата Журт мекендин башкы дөөлөтү- бул мамлекет катары башкалар менен тең ата мамиледе жашоого умтулууга байланышкан түпкүрдөн түптөлгөн салттар. Ошондуктан эпосто кыргыздардын ата-бабаларынын нарктарын, баатырдык салттарын аздектөө, өздөрүнүн кыргыз болуп калганына сыймыктануу, кыргыздык өзүн өзүн аңдап түшүнүү сыяктуу патриоттук мотивдер кыйла күчтүү өнүккөн жана баштан аяк белгиленип өтөт.

Ошону менен бирдикте Ата-мекендин күчтүүлүгү өзүнчө менменсинүүдө эмес, башка калктар менен ымалада жашоодо экендиги эскертилет. Бул жагынан алганда, эпос “ Тиричиликтин түбү бирдикте”, “Ынтымак түбү - ийгилик, тиричилик түбү – бирдик”, “Байлык байлык эмес, бирдик - байлык”, “Жалгыз аттын чаңы чыкпайт”, “Жалгыз эрдин даңкы чыкпайт”, “Түбү бирге түтпөйт” деген сыяктуу императивдерге сугарылган. Кыргыз эли ар дайым тили, дили бирге канатташ элдер менен баш кошууга, бирдикте болууга умтулушат.

Эпостогу эл сынына толгон беделдүү инсандардын баары - өмүр жашоосун мекенсиз элестете албаган чыныгы патриоттор. Ата–мекендин азаттыгы, эгемендүүлүгү үчүн аалам кезип дүйнөнүн кайсы жеринде согушпасын, кандай гана кооз керемет асыл чөлкөмдөрдү аралап көрбөсүн, баары бир алар үчүн туулган жеринен, Ата –журтунан ыйык жер жок. Эпосто журт которуп бөтөн жерди мекендеп кеткен кейипкерлер сейрек кезигет. Элдик ырасым-салтка ылайык, жортуул учурунда бөтөн жер, бөтөн элде каза тапкандардын сөөгүн да Ата-журтуна алып келип көмүшөт.

Манас эзелтен элдин аң сезиминде чыныгы мекенчил патриот адамдын башкы идеалы катары бекем орун алган. “Манас” деген сөздү эшиткен адамда хансарайдын төрүндө олтуруп бийлик жүргүзгөн төбөл эмес, баарыдан мурда, дээрлик бүт өмүрү ат үстүндө өтүп, кан-жанын элдин кызыкчылыгына багыштаган, анын эркиндиги, көз

карандысыздыгы үчүн күрөшкө башын сайып, бөтөнчө баатырлык сапаттары менен айырмаланган чыныгы патриот көз алдыга тартылат. Этнопедагог-изилдөөчү А.Алимбеков таасын белгилегендей, "Эл Манастын инсанын кылымдык тажрыйбалардын негизинде калыптанган эң жогорку адеп-ахлактык чен өлчөмдөр менен таразалайт. Башкача айтканда, Манас - турум-турпаты менен кыргыз адамынын реалдуу да, идеалдуу да үлгүсү» [2: 45].

Ал башкалардан өзүнүн баатырдык айбаты менен айырмаланат. Бирок эл ичинде, үй-бүлөдө, чоролорунун арасында жөнөкөй гана бир киши, карапайым жана боорукер. Акыл айткан улууларды туу тутат. Аялзатын урматтай билет. Чын дилден айтылган сынды терикпей угат. Чоролорго, өзүнөн кичүүлөргө ызаат менен мамиле кылат. Жан дүйнөсүн, баатырдык салтын ошолорго ыйгарууга далалат кылат. Манас ак көңүл, айкөл, душманына да ак көңүлү менен ишене берет. Анын бул касиети эпосто «суу ич десе, уу ичкен омбул-домбул эр ошол» деп сүймөнчүлүк менен мүнөздөлөт. Манастын инсанындагы өрнөктүү сапаттарды санай берсе, арбын. Ошентсе да анын нарк-насилинин өзөгүн «Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Ата баласы болбосоң да, эл баласы бол» деген жогорку даражада өнүккөн атуулдук аң-сезим түзөт.

Манастын патриоттуулугу эл жерин терең сүйгөндүгүндө, бүт өмүрүн элдин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө арнагандыгында эле эмес, анын башка элдерге, ал түгүл каршылашкан өлчөмдүү душмандарына жасаган мамилесинен да ачык сезилет. Анын өз эли, өз жери кандай маанилүү болсо, башка элдер да өтө маанилүү. Деги эле адам баласын урматтоо, тең көрүү, өз элинин кызыкчылыгын башкалардын кызыкчылыгы менен тең кароо Манастын патриотизминин жалпы адамзаттык кырларын мүнөздөп турат.

Эпосто аял затынын мекенчилдик касиети эчендеген согуштарда жан жолдошуна дем берип аны эрдиктерге шыктандыргандыгы жана келечек муундарды бабалардын баатырдык салтында тарбиялоого кошкон салымы менен бааланат.

Ошондуктан элдик макалдарда таасын туюнтулгандай, эр жигиттин коомдогу орду, мартабасы, бедел-кадыры бак-таалайы алган жарына жараша болот: «Жакшы катын жаман эрди эр кылат, жаман катын жакшы эрди жер кылат», «Катыны жакшы болсо, эри бактылуу болот», «Алганың жакшы болсо, жакаң агарат, жаман болсо чачың агарат». «Манас» эпосунда Манасты Манас кылган - Каныкей» деген сөздү баатырдын достору да, кастары да айтышат. Дегеле, «аял баркы», анын коомдогу орду, идеалдуу нарк-насили жөнүндөгү элдик түшүнүктөр «Манас» эпосунда да ар тараптуу чагылдырылган. Ч. Айтматов муну эпостун прогресивдүүлүгүнүн айкын далили катары мындай деп жазат: «Эпостун бийик гуманизми ыймандык сабагындагы таасын тартылган аялдын образынан эле сезилет. Ал гана эмес, бүгүнкү күндүн эстетикалык талабы, түшүнүгү менен мамиле этсең, эпостогу аял анчейин ишкер, колунан көөрү төгүлгөн уз гана эмес, эң оболу, ал өзүнчө сын көз карашка ээ болгон индивид, инсан. Ошону менен бирге ал - жоокердин теңтайлаш шериги, акылман кеңешчиси, баатырдыгынан да кем калбаган жан жолдошу. Ошол түнт заманда дүйнөлүк прогрессинен сырткары шартта жаралган элдин эпосунда аялга ушундай баа берип, аялдын акылын, ибаатын, ишмердүүлүгүн, баатырдыгын романтизациялаган көркөм чыгармага азыр да таң калбай кароого мүмкүн эмес» [1:11].

Идеалдуу аялзат катары Каныкей - эл-журт, тууган-урук, ынтымак-ырашкерликтин данакери. Анын өрнөгү аркылуу «Тууганды тууган кылган - аял» деген элдик аныктама ар тараптуу бекемделет. Каныкей төркүнү башка болсо да, кыргыз элинин карысын да, жашын да, алдуусун да, бей-бечараларын да баарын чын дилден ызаттайт, урматтайт, башкаларды да ошого үгүттөйт. Манастын айланасына кырк уруу элдин топтолуп, тарап кетпей, чыр чыкпай бирге жашап, кыргыз элинин келечеги, бүтүндүгү үчүн улуу максатка умтулууларынын себептеринин бири да Каныкейдин көрөгөчтүгү, жөн билгилиги менен түшүндүрүлөт.

Анын кыргыз жерине, элине болгон терең сүйүүсү, ызаат-урматы «Семетейдеги» «Каныкейдин жомогу» деген бөлүмдө өтө күчтүү сезим менен берилген. Ал бүткүл тагдыр-таалайын кыргыз калкы менен байланышта карайт. Аларсыз өзүн бактысыз, алсыз, күчсүз эсептеп, «Бел байлаган белим жок, Бекинип жаткан жерим жок, Берендин зайбы деп турган, Берешен кыргыз элим жок! Көз айланса зоо да жок! Калдайган каардуу тоо да жок! Кайгырбагын жөнү жок, Асыльм, жеңем, койгун деп, көңүл айтып коюуга, Аргын,

кыргыз элим жок»,— деп арман кылат.

Эпосто куулуп азган элинин чачылганы жыйналып, жоголгону табылып, түзөлүп, уланып кетиши Каныкейдин энелик жана тарбиячылык ишмердүүлүгү: Семетейди суук көздөн сактап, шумкардай таптап, ата-бабаларынын баатырдык салтында чебер тарбиялай алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошентип, Каныкейдин инсаны эне - коомдун түзүүчүсү, уюткусу деген жалпы адамзаттык акыйкатты ар тараптуу ырастайт. Эпостогу «Калк энеси Каныкей» деген мүнөздөмөнүн төркүнү да мына ушунда. Ошондуктан калктын педагогикалык акылмандыгы Каныкейди уругу уланып, түбөлүк эл эсинде жашап калган каармандардын катарына кошкон.

«Манас» эпосу урпактарды патириоттуулукка тарбиялоо боюнча көп кырдуу идеялардын, инсандык өрнөк нускалардын гана булагы эмес. Эл “Манас” эпосу аркылуу балдарды торолтуп, эрезеге жеткирип, эл камын жеген баатыр-баланын даражасына чейин тарбиялап жеткирүүнүн факторлору, методдору туралуу билимдерин, тажрыйбаларын да кошо чагылдырат. Ал билимдер миңдеген жылдар бою кыргыздардын элдик таалим-тарбия салттарынын туруктуу эрежелеринен болуп келген. Муну Манас үчилтигиндеги баатырлардын балалык чагына байланышкан, алардын эненин курсагынан бери карай, өспүрүм куракка чейинки өнүгүү этаптары менен бирге, эволюциялык нукта баяндаган тексттер даана чагылдырып турат.

“Дастанды Манастын балалык чагына же аны тарбиялоого байланышкан эпизоддорду жогоркудай суроолордун чегинде үйрөнүү аркылуу бүтүндөй кыргыз элинин мекенчил инсанды өнүктүрүүнүн факторлору жөнүндөгү кыргыздардын салттуу көз караштарын реконструкциялап чыгууга болот” [2: 28]. Дастанда бала баатыр тарбиялоонун обьектиси катары гана эмес, субьектиси катары да каралат. Манастын Ата-Журттуу коргоочу граждандык позициясы, эл тагдырын чечкен көсөмдүгү, карапайым калкка жакындыгы, гумандуулугу азыркыдай кургак, жадатма акыл насааттар менен эмес, түздөн түз ишмердүүлүктүн негизинде калыптанат. Элдин пикиринде бешене тери менен эмгек кыла албаган адам акыл жактан да, адеп-ахлак жактан да өркүндөп-өнүгө албайт. Ошондуктан Жакып хан Манастын келечеги жөнүндө камкор ой жүгүртүп, аны эмгекке чегерүү жөнүндө аялы Чыйырдыга: «Аңдасам, балаңдын акылы аз, жөнүн таппайт, байлыкка мас. Муну эркелетип жөн койбой, койчуга малай кылып берели. Сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын, малдын, дүйнөнүн баркын билсин» - деп акыл салат. Жакыптын бул акылын байбичеси да туура кабыл алат. Элдик таалим-тарбиянын эрежелерине ылайык, Манас Ошпур аттуу койчунун колунда 8 жашынан козу кайтарат, 12-13 жашынан жылкы багат. Эпосто баяндалгандай, Манастагы асыл баа сапаттар кудайдын кудурети менен көктөн көчүрүлгөн сыйкырдуу кубулуш эмес. Эл Манастын Ата-журтту коргоочу баатырдык касиеттерин, эл тагдырын чечкен жетекчи көсөмдүгүн түздөн-түз ырааттуу уюштурулган тарбиялык иш-аракеттердин жемиши катары карайт. Манас атайын уюштурулган «элдик мектептен» таалим-тарбия алат. Манасты туура тарбиялоо максатында мал чарба ишине, турмушка дасыккан даанышман таалимчи Ошпурга тапшырышат. Баланын дээр-зээнин, келечегин айныбай тааныган акылман карыялар аны туура өстүрүп жетилдирүү үчүн өзгөчө камкордуктарды көрүшөт. Эл бала Манасты жети жашынан баштап «улуттук таалим-тарбия мектебининин» мейкиндигинде жетилдире баштайт.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. // Кыргызстан маданияты. – 1979. -11-январь.
2. Алимбеков А. Эпос жана эл мугалимин даярдоо // Актуальные проблемы образования и науки сб. научн-метод. труд - Вып. 5-РЦНПМ И ФР МЗ. – Бишкек, 1997. С. 28-33.
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974. -358 с.
4. Исаков Б. Манастын жети осуяты. - Б.: Кыргызстан, 1998. -154 б.
5. Каралаев С. «Манас» 1 китеп. – Фрунзе,: Кыргызстан, 1984.
6. Ормонов Т. Педагогическая пансофия киргизского народа // Советская педагогика. -1978. - № 1. - С. 128-134.